*Капарова Г.Т.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАКТАРЫНЫН ӨНӨР ЖАЙЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА АНЫ КАРЖЫЛОО БУЛАКТАРЫ

*Капарова Г.Т.*

# ОСОБЕННОСТИ РАЗВИТИЯ ПРОМЫШЛЕННОСТИ РЕГИОНОВ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ И ИСТОЧНИКИ ЕЁ ФИНАНСИРОВАНИЯ

*G.T. Kaparova*

# FEATURES OF REGIONAL INDUSTRY DEVELOPMENT IN THE KYRGYZ REPUBLIC AND SOURCES OF ITS FINANCING

*УДК: 63.1*

*Макалада Кыргыз Республикасынын аймактарынын өнөр жайын өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү, аны каржылоо булактары жана инвестициялардын келүүсүнүн анализи каралган. Чет өлкөлүк инвестициялардын келүүсүнүн түзүмү берилген. Инвесторлор тарабынан жергиликтүү фонддорго каражаттарды чегерүү сунушталган. Инвесторлорду аймактарга тартуу ыкмаларын Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду тарабынан бир катар долбоорлор каржыланып жана аймактарга тийгизген таасири жогору. Аймактар боюнча өнөр жай өндүрүшүн өнүктүрүү динамикасы Ысык-Көл областынан башкасында жогоруу экенин билинет. Кыргыз Республикасынын өнөр жайын 2019-2024-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясын ишке ашыруу негизги максат.*

***Негизги сөздөр:*** *өнөр жай, каржылоо, аймактар, инвестиция, долбоор, чөлкөмдөрдү өнүктүрү, субсидиялар, жеңилдетилген займдар, ишкердик, диверсификациялоо.*

*В статье анализируются особенности промышленного развития Кыргызской Республики, источники ее финансирования и притока инвестиций. Приведена структура притока иностранных инвестиций. Инвесторам предложили перевести средства в местные фонды. Способы привлечения инвесторов в регионы Российско-Кыргызский фонд развития профинансировал ряд проектов и оказывает значительное влияние на регионы. Известно, что динамика развития промышленного производства в регионах выше, чем в Иссык-Кульской области. Основная цель – реализация Стратегии устойчивого развития промышленности Кыргызской Республики на 2019-2024 годы.*

***Ключевые слова:*** *промышленность, финансирование, регионы, инвестиции, проекты, развитие регионов, субсидии, льготные займы, предпринимательство, диверсификация.*

*The article provides an analysis of the specifics of industrial development in the Kyrgyz Republic, its sources of funding and investment inflows. The structure of inflow of foreign investments is given. Investors offered to transfer funds to local funds. Methods of attracting investors to the regions The Russian-Kyrgyz Development Fund has funded a number of projects and has a significant impact on the regions. It is known that the dynamics of industrial production development in the regions is higher than in the Issyk-Kul region. The main goal is to implement the Strategy for Sustainable Industry Development of the Kyrgyz Republic for 2019-2024.*

***Key words:*** *industry, finance, regions, investments, projects, regional development, subsidies, soft loans, entrepreneurship, diversification.*

Аймактарды өнүктүрүүнүн булактарынын негизин бюджеттик каражаттар жана аймактар тарабынан тартылган жеке инвестициялар түзүшөт. Бюджеттер аралык мамилелердин тутуму кайра каралып чыгып, өнүктүрүүгө дем берүүгө багытталуусу керек. Аймактарды өнүктүрүүнүн атайын фонддорун түзүүнү карoo зарыл.

Бүгүнкү күндө инвесторлор тарабынан жергиликтүү фонддорго каражаттарды чегерүүдөн жаралган булактар бар. Мамлекеттик инвестициялардын программасынын алкагындагы каалагандай эле ири инвестициялык долбоорлор натыйжалуурлугун күчөтүү үчүн чөлкөмдүк өнүктүрүүнүн программаларынын алкагында ишке ашырылуусу керек.

Чөлкөмдөрдү өнүктүрүү үчүн тартылуучу ресурстардын дагы бир куралы болуп түз инвестициялар калуусу керек. Бул максаттарда артыкчылыктуу чөлкөмдөргө каражат салгысы келген инвесторлор үчүн өзгөчө фискалдык жана инвестициялык режимди берүү зарыл. Муну менен бирге эле Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмин кеңирирээк колдонуу да зарыл.

*1-таблица*

**Чет өлкөлүк инвестициялардын келүүсүнүн түзүмү**

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| Баары (миң АКШ доллары) | 5 415 672,0 | 5 615 352,,8 | 5 335 050,4 | 5 219 899,8 | 6 939 125,6 |
| Түз чет өлкөлүк инвестициялар | 727 091,2 | 1 573 243,7 | 813 960,7 | 616 793,1 | 851 743,6 |
| Портфелдик инвестициялар | 68,0 | 437 807,2 | 367 513,8 | 815,6 | 2 446,0 |
| Башка инвестициялар | 4 612 189,3 | 3 557 883,5 | 3 954 836,9 | 4 558 158,5 | 6 029 789,8 |
| Гранттар, техникалык жардам | 76 323,5 | 46 418,4 | 198 739,0 | 44 132,6 | 55 146,2 |

***Булагы:*** Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистикалык маалыматтарынын негизинде түзүлдү.

Субсидиялар, жеңилдетилген займдар түрүндөгү каржылык дем берүү чаралары зарыл, муну Кыргыз-Россиялык өнүктүрүү фондунун алкагында аткарууга да болот. Инвесторлорду аймактарга тартуу үчүн электр энергиясына өзгөчө тарифтерди орнотууга да болот.

Чакан жана орто ишкердикке каржылык-насыялык жана инвестициялык колдоо көрсөтүү ишкердикти каржылоого багыт алышкан насыялык уюмдардын каражаттарынын, ошондой эле инвестицияларды тартуунун эсебинен ишке ашырылат.

Отчеттук мезгил ичиндеги ИДП 103,5% өсүү темпине ээ болуу менен 557 млрд.сомду түздү. ИДП нын өсүүсү негизинен өнөр жайында болуп, 28,5% ды түздү (соода тармагы – 25,7%, курулуш – 20%).

Мында өнөр жайынын ИДП нын жалпы көлөмүндөгү салыштырмалуу салмагы 18,6% ды түздү. Өнөр жайында баары болуп 250,6 млрд. сомдук продукция өндүрүлгөн. Физикалык көлөмүнүн индекси 105,4% деңгээлине жетти.

Өнөр жайынын учурдагы тутуму өз ичине төмөнкү 4 негизги багыттарды – иштеп чыгаруу өнөр жайын (2018-жылдагы салыштырмалуу салмагы 75,7%), энергетиканы (15,3%), пайдалуу кендерди казууну (7,9%). суу менен камсыздоону жана тазалоону (1,1%) камтыйт.

Иштеп чыгаруу өнр жайынын субъекттери тарабынан 105%дык өсүү темпи менен 190 млрд. сомдук продукция өндүрүлгөн.

Өнөр жайынын 24 тармактарынын алтоосу экономика түзүүчү болуп саналышат, алар өнөр жай продукциясынын 90%га чейинкисин камсыз кылышат. Булардын ичинен бешөөсү иштеп чыгаруу өнөр жайына кирет – салыштырмалуу салмагы 42,6% болгон металлургия тармагы, тамак-аш азыктарын өндүрүү тармагы (11,7%), курулуш материалдарын өндүрүү (6,6%), неффтти кайра иштетүү (5,3%) жана текстилидик-тигүүчүлүк жана булгаары-бут кийим өндүрүшү (3,3%). Башка тармактардын салыштырмалуу салмагы мааниге ээ боло тургандай чоң эмес.

2018-жылы Кыргызстанда 10 дон ашуун жаңы ишканалар ишке салынды, буларда баары болуп 1000 ден ашуун жумушчу орун түзүлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду тарабынан 12 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү бир катар долбоорлор каржыланып, өнөр жай объекттери ишке салынды жана модернизацияланды. Жогорудагы сумманын 3,5 миллиону 100 жумуш орундуу арматура өндүрүү заводуна, 1,2 миллиону кыш заводун модернизациялоого жана реконструкциялоого, 4 миллиону кургак жол менен өндүрүлүүчү цемент клинкерин өндүрүүгө, 3,4 миллиону долбоордук кубаттуулугу жылына 100 миң жуп болгон аскердик жана атайын бут кийим чыгарууну уюштурууга инвестицияланган.

*2-таблица*

**Мамлекеттик бюджеттин дефицити жана аны каржылоонун булактары**

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|
| **Баары (миң сом)** | **-6 149 321,3** | **-20 888 912,4** | **-16 476 160,2** | **-6 188 900,8** |
| Жалпы каржылоо | 19 397 606,5 | 26 871 837,9 | 22 806 790,7 | 13 169 689,0 |
| Ички каржылоо | 3 099 459,1 | 7 688 027,5 | 5 204 590,4 | 11 322 623,6 |
| Сырткы каржылоо | 16 298 147,4 | 19 183 810,4 | 17 602 200,3 | 1 847 065,4 |

Кемин районундагы цемент заводунун курулушуна инвестицияларды тартууда ГКПЭН “Улуттук энергохолдинг”, “НЭСК” жана Кытайдын «Шанфэн Зэт Цемент» компаниясы менен биргеликте долбоордун “Кемин” подстанциясы менен коопсуз иштөөсүндөгү ишке түшкөндөн кийин курчап турган чөйрөгө тийгизген зыянынын минималдуулугун камсыз кылуудагы экологиялык ылайык келүү маселелерин чечүү боюнча макулдашуу комиссиясын түздү. Комиссиянын ишинин жыйынтыгы боюнча долбоор ишке ашыруу стадиясына өттү. Талап кылынган инвсетициялардын көлөмү 120 млн. АКШ долларын түзөт деп эсептелүүдө.

Отчеттук мезгил ичиндеги экспорт 1,7 млрд доллардан ашуун сумманы түздү, анын ичинде кымбат баалуу металлдар – 38,7%ды, жеңил өнөр жайы – 12,0%ды жана тамак-аш азыктары – 11,3%ды түзүштү.

Импорт 4,9 млрд. долларды түзүп, анын курамында жеңил өнөр жайынын үлүшү 23,7% га, машиналарды, жабдууларды жана транспорттук каражаттарды жеткирүүнүн үлүшү 17,7%га, химия өнөр жайынын продукциясыныкы – 13,0%га, күйүүчү-майлоочу материалдардыкы 12,8%га жана тамак-аш азыктарыныкы 11,9%га тең болду.

Аймактар боюнча өнөр жай өндүрүшүн өнүктүрүү Ыссык-Көл областынан башкасында оң жактуу динамикага ээ. Аталган областта 4,5% деңгээлиндеги төмөндөө байкалат, бул отчеттук мезгил ичинде Кумтор кенинде кыртышты алып салуу иштери жүргүзүлгөндүгү себептүү алтын өндүрүүнүн төмөндөгөнүн күбөлөндүрөт.

Өнөр жай өндүрүшүндө Чүй областынын салыштырмалуу салмагы 45%ды, Ыссык-көл областыныкы 20%ды (Кумтөрдүн эсебинен), Бишкек шаарыныкы 15%ды, Жалал-Абад областыныкы 10%ды (электр энергиясын өндүрүүнүн эсебинен), Баткен жана Ош областтарыныкы 2%данды, Нарын жана Талас областтарыныкы жана Ош шаарыныкы 1%данды түзүшөт.

***Өндүрүш секторун андан ары өнүктүрүү боюнча 2019-жылдын пландары.*** 2018-жылда Кыргыз Республикасынын өнөр жайын 2019-2024-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясын толуктоо жана ишке ашыруу боюнча жумуштарды жүргүзүүнүн планы жана аны жүргүзүү боюнча иш-чаралардын планы түзүлдү.

Өнөр жай өндүрүшүн диверсификациялоо үчүн өнөр жайынын артыкчылыктуу тармактары өнүгүүсү керек. Бүгүнкү күндө ГКПЭН Бириккен Улуттар Уюмунун өнөр жайды өндүрүү бөлүмүнүн (ЮНИДО) техникалык колдоосу астында Кыргыз Республикасынын өнөр жайын 2019-2024-жылдарда туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясынын долбоорун түздү. Анда өнөр жайын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары катары тамак-аш азыктары жана жеңил өнөр жайлары, ошондой эле энергетика жана туристтик тармак үчүн зарыл болгон товарларды өндүрүү тармагы аныкталды.

Курулуш материалдарын өндүрүүнү уюштуруу максатында Жалал-Абад областынын Кара-Көл шаарында 400 жумуш орундуу, инвестициялык көлөмү 136 млн.доллар болгон цемент заводун курууга жана Кайынды кабыль заводунун базасында 200 жумуш орундуу, инвестициялык көлөмү 50 млн. доллар болгон, арматура жана кабель буюмдарын өндүрүүнү уюштурууга кол кабыш кылуу пландаштырылууда.

Ички рынокту өздүк нефтепродукттар жана курулуш материалдары менен толтурууга колдоо көрсөтүү жумуштары да ишке ашырылат, бул өнөр жайынын ушул секторлорунун экспорттук потенциалын өнүктүрүүдө, өнөр жай комплексинин ата-мекендик объекттеринин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө жардам берүүдө, туруп калган ишканалардын ишмердүүлүгүн жандандырууда, жыйноо өндүрүштөрүн уюштурууда, өндүрүштүк-технологиялык жараяндарга ата мекендик материалдарды кошууну эсепке алуу менен чет элдик ишканаларды локалдаштырууда жыйынтыктуулукка алып келет.

Үстүбүздөгү жылда Россия, Өзбекстан, Белоруссия ж.б. тараптар менен өнөр жай тармагында, анын ичинде кооперациялык долбоорлор боюнча ЕАЭБ дагы интеграциялык жараяндарды өнүктүрүүнүн алкагында кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча жумуш аткарылат.

Аталган иш-чараларды ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча 2019-жылда иштеп чыгаруу өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмүн 105,1%дык деңгээлге жеткирүү күтүлүүдө. Жылдын жыйынтыгы боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн продукцияларынын негизги түрлөрүн экспорттоонун орто мөөнөттүү божомолу 105,3%дык деңгээлде пландаштырылып, анын ичинде тигилген буюмдардын экспортунун өсүү темпи 108%дык деңгээлде пландаштырылууда.

*3-таблица*

**Каржы секторунун ишканаларынын каржылык көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөрдүн аталыштары (млн.сом) | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 208 |
|---|---|---|---|---|---|
| Дүң киреше | 33 015 | 38 828.8 | 34 722.3 | 34 111.8 | 38 348.2 |
| Операциялык эмес кирешелер, чыгашалар (-) | 66.4 | 216.5 | -29.4 | 40.6 | 49.7 |
| Балanстык пайда (- зыян) | 9 949.9 | 10 302.4 | 6 315.5 | 6 375.3 | 7 639.3 |
| Рентабелдүү ишканалардын пайдасы | 10 280.3 | 10 699 | 7 218.8 | 7 104.1 | 8 256.8 |
| Ишканалардын тарткан зыяны | 330.4 | 396.6 | 903.3 | 728.8 | 617.5 |
| Чыгашалар | 23 131.3 | 28 742.9 | 28 392.8 | 27 792 | 30 755.6 |
| Негизги каражаттардын жыл башындагы наркы | 7 409.9 | 7 876.4 | 8 966.3 | 9 409 | 9 632.1 |
| Негизги каражаттардын жылдын аягындагы наркы | 7 876.4 | 8 967.3 | 9 410.8 | 9 639.8 | 10 219.8 |
| Негизги каражаттардын орточо жылдык наркы | 7 643.2 | 8 421.8 | 9 188.5 | 9 524.4 | 9 926 |

ИДП нын өсүүсү негизинен өнөр жай, курулуш, айыл чарбасы жана кызмат көрсөтүү тармактары тарабынан болгону белгиленип өтүлдү. Мында товар өндүрүү тармактарынын өсүү темпи 2018-жылы 2017-жылдагыга салыштырмалуу 557113,3 млн. сомду түздү (2017-жылда 530475,7 млн. сом болгон), пайыздык катышта алганда ИДП 5,02%га өскөн.

*4-таблица*

**Каржылык эмес сектордун ишканаларынын каржылык көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөрдүн аталыштары (млн.сом) | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|
| Продукцияны (жумуштарды, кызматтарды) сатуудан түшкөн пайда (дүң киреше) | 307 859.7 | 350 149.6 | 406 293.6 | 422 307 |
| Операциялык эмес кирешелер, чыгашалар (-) | -55 250.7 | 10 509 | -23 921.5 | -15 287.5 |
| Балanстык пайда (- зыян) | -26 142.7 | 46 913.1 | 27 241.4 | 27 026.5 |
| Рентабелдүү ишканалардын пайдасы | 40 973.7 | 60 207.1 | 58 773.3 | 53 285.8 |
| Ишканалардын тарткан зыяны | 67 116.4 | 13 293.9 | 31 531.9 | 26 259.2 |
| Продукцияны (жумуштарды, кызматтарды) өндүрүүгө жана сатууга кеткен чыгашалар | 278 731.4 | 313 726.9 | 354 672 | 379 997.6 |
| Каржылык активдер | 119 582.3 | 135 357.6 | 124 450.5 | 128 903.3 |
| Акча каражаттары | 32 981.5 | 62 200.1 | 55 146.3 | 53 627.2 |
| Касса | 6 362.2 | 15 722.1 | 15 654.9 | 16 543.2 |
| Банктардагы эсептик счет | 10 340.5 | 18 462 | 17 378 | 20 965.5 |

| Көрсөткүчтөрдүн аталыштары (млн.сом) | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|
| Валюталык счет | 15 702.2 | 27 907.4 | 21 888.9 | 15 628.9 |
| Башка акча каражаттары | 576.5 | 108.7 | 224.5 | 489.7 |
| Насыялар жана займдар | 343 104 | 352 537.9 | 340 241.4 | 386 235.6 |
| Запастар | 134 532.2 | 146 650.9 | 159 131.4 | 178 342.6 |
| Өндүрүштүк запастар | 35 511.8 | 33 064 | 43 439 | 45 198.5 |
| Даяр продукция | 12 870.1 | 15 084.1 | 17 165.6 | 17 232.4 |
| Товарлар | 39 460.8 | 43 596.4 | 48 287.9 | 61 236.9 |
| Аягына чыкпаган өндүрүш | 34 288.5 | 40 441.8 | 35 388.8 | 39 302.8 |
| Негизги каражаттардын жыл башындагы наркы | 290 746.8 | 346 001 | 365 314.7 | 428 794.9 |
| Негизги каражаттардын жылдын аягындагы наркы | 345 539.6 | 366 293.4 | 420 747.1 | 453 121 |
| Негизги каражаттардын орточо жылдык наркы | 318 143.2 | 356 147.2 | 393 030.9 | 440 958 |

ИДП нын түзүмүндөгү эң чоң үлүш кызмат көрсөтүү тармагына туура келүүдө (46,2%), бул тармак 2018-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 1.1%га азайган, ал эми товар өндүрүү тармактарынын үлүшү 2,5%дык пунктка көбөйүп, 39,2%ды түзгөн. Өнөр жайынын үлүшү 21%дын айланасында болуп, 2018-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,1%-дык пунктка жогоруураак болду. Айыл чарбасынын үлүшү тиешелүү түрдө 11,3%га жана 0,1%дык пунктка, курулуштун үлүшү 7%га жана 0,3%дык пунктка өскөн.

Бүгүнкү күндө дээрлик бардык социалдык-экономикалык жараяндарды так жана анык мыйзамдык, укуктук тескөө, бирин-бири толуктоочу, бири-бирине ич ара каршы келбей турган, экономиканы мамлекеттик тескөөнүн өзүнчө бир көрүнүштөгү кодекси болуп саналган мыйзамдардын бүтүндөй тутумун түптөө зарыл.

**Адабияттар:**


1. www.wikipedia.com
2. www.stat.kg
3. www.minfin.kg
4. http://cbd.minjust.gov.kg/
5. Кыргыз Республикасынын 2017-жылдагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалымат.
6. Кыргыз Республикасынын 2018-2022-жылдардагы аймактык саясатынын концепциясы.
7. Буров М. Атайын экономикалык зоналар: инновациялык өнүгүү аймагы / М.Буров, Ю.Наумова // Башкаруу теориясынын жана практикасынын маселелери. - 2016. - №5. - Б. 5-7.